**УДК 37.026.9**

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА СТАНДАРТТУУ ЭМЕС САБАКТАРДЫ КОЛДОНУУ ЖАНА АЛАРДЫ БААЛОО

**Мадумарова Малохат Косимовна**
Педагогика илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик университети,
Ош шаары, Кыргызстан. **malohat73@mail.ru**
orcid.0009-0004-1918-5049
**Гулжигит кызы Алтынай**
Магистрант, Ош мамлекеттик университети,
Ош шаары, Кыргызстан. **altinai@mail.ru**
**Абдиева Нуржамал Калбаевна**
Магистрант, Ош мамлекеттик университети
Ош шаары, Кыргызстан. **abdieva@mail.ru**

**Аннотация**: В данной статье рассматриваются вопросы использования нестандартных уроков при преподавании кыргызского языка в начальных классах, а также их оценивания. Нестандартные уроки направлены на развитие творческих способностей учащихся, их логического мышления и языковых компетенций. Подчеркивается, что такие уроки способны сделать процесс обучения более интересным и эффективным. Они дополняют традиционные формы обучения и способствуют более активному вовлечению учащихся. В статье проводится сравнительный анализ традиционных и нестандартных уроков, подчеркивается роль практических занятий в образовательном процессе. В качестве примера представлен практический урок на тему «Описание природы» с его критериями оценивания. Рассматриваются различные методы оценки знаний и творческих способностей учащихся, а также обсуждаются пути их эффективного применения.

**Ключевые слова:** начальные классы, стандартные и нестандартные уроки, учебные навыки, компетенции, критерии оценивания, новые педагогические технологии, инновационные методы, творческий подход.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ НЕСТАНДАРТНЫХ УРОКОВ ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА И ИХ ОЦЕНИВАНИЕ

**Мадумарова Малохат Косимовна**
кандидат педагогических наук,
Ошский государственный университет,
г. Ош, Кыргызстан. malohat73@mail.ru
**Гулжигит кызы Алтынай**
магистрант. Ошский государственный университет,
г. Ош, Кыргызстан. altinai@mail.ru
**Абдиева Нуржамал Калбаевна**
магистрант. Ошский государственный университет
г. Ош, Кыргызстан. abdieva@mail.ru

**Аннотация:** Бул макалада башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда стандарттуу эмес сабактарды колдонуу жана аларды баалоо маселелери каралат. Стандарттуу эмес сабактар окуучулардын чыгармачылыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн жана тилдик компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган. Стандарттуу эмес сабактар окуучулардын билим алуу процессин кызыктуу жана натыйжалуу кылууга чоң мүмкүнчүлүк бере тургандыгы айтылат. Мындай сабактар билим берүүнүн стандарттуу формаларын толуктап, окуучулардын чыгармачылыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн жана тилдик компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталат. Макалада салттуу жана стандарттуу эмес сабактардын өзгөчөлүктөрү салыштырылып, практикалык сабактардын окуу процессиндеги ролу баса белгиленет. "Жаратылышты сүрөттөө" темасынын негизинде практикалык сабактын мисалы жана анын баалоо критерийлери сунушталат. Окуучулардын билимин жана чыгармачылыгын

баалоо үчүн ар кандай методдор сунушталып, аларды натыйжалуу колдонуу жолдору талкууланат.

**Түйүндүү сөздөр:** башталгыч класс, стандарттуу жана стандаттуу эмес сабактар, окуу көндүмдөрү, билгичтиктер, баалоо критерийлери, педагогикалык жаңы технологиялар, табылгалар, инновациялык окутуу.

## THE USE OF NON-STANDARD LESSONS IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE AND THEIR ASSESSMENT

**Madumarova Malokhat Kosimovna**
PhD in Pedagogy, Osh State University,
Osh city, Kyrgyzstan. **malohat73@mail.ru**
**Gulzhigit kyzy Altynai**
Master's Student, Osh State University
Osh city, Kyrgyzstan. **altinai@mail.ru**
**Abdieva Nurjamal Kalbaevna**
Master's Student, Osh State University
Osh city, Kyrgyzstan. **abdieva@mail.ru**

**Annotation:** This article explores the use of non-standard lessons in teaching the Kyrgyz language in primary school, as well as their assessment methods. Non-standard lessons aim to develop students' creativity, logical thinking, and linguistic competencies. It is emphasized that such lessons can make the learning process more engaging and effective. They complement traditional forms of teaching and encourage active student participation. The article provides a comparative analysis of traditional and non-standard lessons, highlighting the role of practical exercises in the learning process. A practical lesson on the topic “Describing Nature” is presented along with its assessment criteria. Various methods for evaluating students' knowledge and creativity are proposed, and effective ways to apply them are discussed.

**Keywords:** primary school, standard and non-standard lessons, learning skills, competencies, assessment criteria, new pedagogical technologies, innovative teaching, creative approach.

Бүгүнкү күндө окутуу процессинде мугалимдин колдонгон окутуу метод жана ыкмаларына, тактап айтканда баарлашуунун диалогдук ыкмалары, биргелешкен изденүүлөр, тарбиялык кырдаалды түзүү, чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүү сыяктуу натыйжалуу окутуу жолдорун пайдалануу актуалдуу. Окутуунун методикалык-теориялык илимдери өзгөрүп, илимий жактан таанып-билүүнүн методдору өркүндөп жаткан кези. Педагогикалык жаңы технологиялар, табылгалар, инновациялык окутуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрү пайда болду. Андыктан, окутуунун жаңы технологиялары аркылуу башталгыч класс окуучуларында да чыгармачыл жана интелектуалдык жактан чоң мүмкүнчүлүктөрүн жаратып, балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү, билгичтиктерин, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу максаттары ишке ашырып келет.

Окутуунун салтуу методдорунда (аңгеме, лекция, түшүндүрүү, экскурсия, анализ-синтез ж.б.) мугалим менен окуучунун ортосундагы иш-аракетте негизги башкаруучулук ролду окутуучу өзү аткарат. Мындай методдор колдонулган сабактарда мугалим менен окуучулардын ортосундагы байланыштар текшерүү иштери, өз-алдынча иш жана тест жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат. Окутуунун салттуу методдору аркылуу сабак өтүүдө мугалим активдүүлүктү көрсөтүп, окуучулар негизинен пассивдүү катышат [2]. Окуучулар сабакты угуу менен бирге доскадан көчүрүү жана китептен конспект кылуу менен гана чектелишет. Салттуу методдордо окуучулардын аракети пассивдүү жүрөт. Салтка айланган методдордун жетишкен жагы –кыска убакыттын ичинде эле окуучуларга көп маалымат берүүгө жетишилгендигинде.

Ал эми активдүү методдорду колдонууда окуучулар сабактын активдүү катышуучулары, мугалим менен бирдей аракетте болушат. Кыргыз тилин окутуу башталгыч

билим берүүдө өтө маанилүү тармак. Стандарттуу сабактарды колдонуу - бул билим берү процессинде структураланган, тартипке келтирилген жана иштелип чыккан методикалардын топтому. Алардын негизги максаты - окуучуларга системалуу билим берип, алардын тилдик, логикалык жана чыгармачылык көндүмдөрүн өстүрүү. Советтик жана кыргыз педагогикасынын калыптануу доорунда бул багытта бир катар изилдөөлөр жана эмгектер жаралган. В.В.Давыдов, Л.С.Выготский, А.В.Макаренко сыяктуу окумуштуулардын эмгектери кыргыз педагогикасынын теориялык базасын түзүүгө чоң салым кошкон [1]. Стандарттуу эмес сабактар окуучулардын билим алуу процессин кызыктуу жана натыйжалуу кылууга чоң мүмкүнчүлүк берет. Бул сабактар билим берүүнүн стандарттуу формаларын толуктап, окуучулардын чыгармачылыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн жана тилдик компетенцияларын өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Кыргыз педагогикасында стандарттуу эмес сабактардын теоретикалык жана практикалык негиздери кеңири изилденип, билим берүү системасында ийгиликтүү колдонулуп келет.

Стандарттуу эмес сабактар – бул салттуу билим берүү чектеринен чыккан, чыгармачылык жана интерактивдүү ыкмаларга басым жасалган сабактар. Алар окуучулардын кызыгуусун арттыруу, чыгармачылык жөндөмдөрүн өстүрүү жана сабактын мазмунун жандандыруу максатында иштелип чыгат. Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болот. Эң жакшы метод кайсы дегенде эле, кырдаалга шайкеш келген методду айтабыз [3,11]. Класста алынган материалды жакшыраак өздөштүрүү үчүн маалыматты кабыл алуунун бардык каналдарын колдонуу зарыл. Окуучулар маалыматты көргөндө визуалдык болуп саналат жана анын жарык, угуу каналы болушу маанилүү, аны колдонууга болот. Заманбап мультимедиялык технологиялар бизге бул шарттарды аткарууга мүмкүндүк берет [5,173]. Окутуунун заманбап мультимедиялык технологияларын стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар менен айкалыштыруу окуучулар үчүн маалыматты кабылдоодо оң натыйжаларды берет. Стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар бири-бирин толуктап, билим берүү процессинин ар тараптуу болушун камсыздайт. Мугалимдин чеберчилиги сабактын кайсы түрү болбосун, аны натыйжалуу жана кызыктуу кылып өткөрүүдө чоң мааниге ээ. Стандарттуу эмес сабактардын түрлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот: оюн сабактары, квест сабактары, интерактивдүү сабактар, практикалык жана чыгармачыл сабактар ж.б. Азыркы күндү түрдүү илимдерди өздөштүрө алган билимдүү жаштарды тарбиялоо, б.а. инсанды ар тараптуу тарбиялоо доордун актуалдуу маселеси болсо, дал ошол маселени чечүүдө интеграциялап окутуунун да өз орду бар [4].

Алардын ичинен практикалык жана чыгармачыл сабактарга токтолуп кетели. Практикалык сабактар – бул окуучулардын билимди практикада колдонуу жөндөмдөрүн өстүрүүгө, чыгармачылык потенциалын ачууга жана өз алдынчалык иш-аракеттерди аткарууга багытталган сабактар. Бул сабактардын негизги өзгөчөлүгү – окуучуларга теориялык билимди турмуштук кырдаалдарга байланыштырып, алардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Практикалык сабактарда окуучулар билимди практикада колдонууга, т.а. алган билимдерин реалдуу шарттарда колдонууга үйрөнүшөт. Сабактын жүрүшүндө окуучулар активдүү иштеп, өздөрүнүн көз карашын жана жөндөмдөрүн көрсөтө алышат. Сабактарда окуучулар жазуу, сүйлөө, угуу жана талкуулоо көндүмдөрүн иштеп чыгышат. Мисалы, 2-класста "Жаратылышты сүрөттөө" темасы тандалып алынат.

Окуучулар жаратылыш тууралуу берилген текстти окуп, анын негизинде сүрөт тартып, текст менен сүрөттү байланыштырат.

Жайкы таң

Эртең менен күн жаңыдан чыгууда. Асман кызгылт түскө боёлгон. Алгачкы нурлар тоо чокуларына тийип, аларды алтын түскө бөлөдү. Өрөөндө жыпар жыттуу гүлдөр жел менен ыргалып, кооз көрүнөт. Булак жээктеп өскөн тал-теректер жай кыймылдап, чымчыктар сайрап

жатат. Талаада коңуздар учуп, көпөлөктөр гүлдөн-гүлгө коно баштады. Шагыл жол менен жай баскан койлордун үнү алыстан угулат.

Тапшырмалар:

1. Текстти үн чыгарып жана ичтен окугула.
2. Суроолорго жооп бергиле.
   - Бул текст кайсы мезгилге мүнөздүү?
   - Текстте кандай көрүнүштөр сүрөттөлгөн?
   - Автор эмнелерди боёк менен сүрөттөп берген?

3. Тексттин негизинде табияттын көрүнүшү боюнча сүрөт тарткыла. Сүрөттө текстте баяндалган элементтер камтылышы керек (мисалы, күн, тоо, гүлдөр, булак, чымчыктар ж.б.).
4. Текст менен сүрөттү байланыштыруу. Окуучулар өздөрүнүн сүрөтүнө кыскача баяндоо (2-3 сүйлөм) жазышат. Сүрөттө эмнелер тартылганын жана алардын маанисин түшүндүрүшөт.
5. Сөз байлыгын өнүктүрүү.

Тексттен табигатка байланыштуу 5 сөздү таап жазгыла. Бул сөздөр менен жаңы сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Баалоо критерийлери:

| № | Критерийлер | Балл |
|---|---|---|
| 1 | Текстти түшүнүү жана суроолорго туура жооп берүү | 1 |
| 2 | Сүрөттө тексттеги негизги элементтерди чагылдыруу | 1 |
| 3 | Сүрөт менен текстти байланыштыруу (2-3 сүйлөм) | 1 |
| 4 | Жаратылышка байланыштуу жаңы сөздөрдү табуу жана аларды катыштырып сүйлөм түзүү | 1 |
| 5 | Чыгармачылык иш (логика жана туура ой жүгүртүү) | 1 |
|  | Жалпы балл | 5 |

Мугалим, окуучуларды баалоодо кошумча баалоо формаларын пайдаланса болот. Мисалы:

- Өз ара баалоо – окуучулар бири-биринин иштерин баалап, пикирлерин билдирет.
- Жуптук баалоо – окуучулар жуп болуп иштешип, биринин жумушун бири текшерет.
- Креативдүүлүк үчүн кошумча упайлар – окуучунун чыгармачылык ыкмасы, өзгөчө идеялары кошумча балл менен бааланат.
- Оозеки баалоо – мугалим окуучунун жоопторун жана ой жүгүртүүсүн эске алуу менен баалайт**.**

Практикалык сабактар окуучулардын кызыгуусун арттырууга, окуу процессин жандандырууга жана окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Стандарттуу эмес сабактарды баалоодо окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн, логикалык ой жүгүртүүсүн жана билимди практикада колдонуусун эске алуу зарыл. Бул усулдар окуучулардын окууга болгон мамилесин жакшыртып, алардын билим деңгээлин арттырат. Практикалык сабактар билим берүү процессин кызыктуу кылууга, окуучуларды активдүү иш-аракеттерге тартууга, чыгармачылыкты жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, балдардын өз көз карашын билдирүү, жаңы идеяларды сунуштоого мүмкүнчүлүк жаратат. Окуучулар сабак учурунда бири-бири менен кызматташуу жана баарлашуу көндүмдөрүн өркүндөтөт. Демек, практикалык сабактар башталгыч класстарда билим берүүнүн маанилүү куралы болуп саналат. Алар окуучулардын билимди практикада колдонуу жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталат.

**Адабияттар:**

1. Выготский Л.С. Мышление и речь. Собрание сочинений: В 2-х т. / Л.С. Выготский. – М., 1982. – Т. 2.
2. Юсупова А., Гапарова Ч., Мадумарова М. Роль искусственного интеллекта в трансформации традиционных методов обучения: развитие речевой деятельности учащихся через образовательные проекты. Чебоксары. 2024. Издательский дом «Среда».

https://phsreda.com/e-articles/10656/Action10656-113974.pdf
3. Батыркулова, А . Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферааты. Бишкек – 2021. http://arabaev.kg/do.kg/img/1611021517_ %D0%91%D0%B0%D1%82%D1%8B%D1%80%D0%BA%D1%83%D0%BB%D0%BE%D0%B2%D0%B0 %D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B.pdf
4. Амалканова Б.Т., Мадумарова М.К., Куйчиев А.С . Гуманитардык предметтерди инновациялык технологиялар менен окутуунун жолдору Известия кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова. Киргизский государственный технический университет им. И. Раззакова. Бишкек. № 4 (56) . 2020г. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45705378.
5. Меңдибаева, Н. М. Башталгыч класстарды окутууда мультимедиялык каражаттарды пайдалануунун артыкчылыктары / Н. М. Меңдибаева // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2022. – No. 2(20). – P. 210-214. – DOI 10.56122/..v2i2.45. – EDN YYSAJL.